# Сылык бейтааныш



Автор: Елена Молчанова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Алёна Дин

# Сылык бейтааныш

Автор: Елена Молчанова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Сылык бейтааныш» (кыргыз тилинде), автор Алена Молчанова, которгон Сулайман Рысбаев,
сүрөтчү Алёна Дин

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom




Акинай күн сайын мектептен  чыкканда, үйүнө өзүнүн классташы Саша  менен бирге кайтат.  Аны менен бирге болуу дайыма көңүлдүү.  Алар  бир үйдүн коңшу подъезддеринде турушат.  Бирок ал бүгүн сабакка келбей калды, көрсө ооруп калыптыр. Ошондуктан, Акинай үйүнө жалгыз кайтууга туура келди.

Акинай менен Сашанын үйү мектептен анча алыс эмес жерде жайгашкан. Ал жолду да абдан жакшы билет.  Мектептин жанындагы аялдамага жакын жерде чоң тамгалар менен жазылган дүкөн бар, ошондон өтүп эле бурчтан бурулуп ары бир аз өтүш керек да, көчө менен бир азга түз басып барганда, ал жердеги чакан көчө менен бат эле  Акинайдын дарбазасына туш келүүгө болот.





Акинай тааныш дүкөндөн өттү да, күндөгүдөй эле бурчтан бурулду. Бирок ал жолду кызыл-ак түстөгү лента менен тосуп коюшуптур. Байкаса, көчө, ал тургай, жөө киши өтчү жан көчөнү да тосуп коюшуптур. Жумушчулар жолдун ортосун терең чуңкур кылып казып таштажыптыр.

«Мен эми үйүмө кантип барам?» – деп Акинай эмне кыларын билбей, ордунда элейип туруп калды.

– Балким, сен башка жол менен үйүңө барарсың, – деди Акинай менен бирге келип  жанына туруп калган бейтааныш эркек адам. – Түтүк жарылып калган турбайбы, аны оңдогонго чейин көчө ачылбайт. Сен кайда жашайсың?

Байтааныш киши кызга  ак көңүл жана сылык  көрүндү. Ал атасынын жакын досу Артурдурдун байкесине бир аз окшош экен. Акинай  ал кишиге өзүнүн дарегин айтысы келди, бирок ошол замат апасынын: «Бейтааныш адам менен сүйлөшпөгүн!» деген сөзү эсине түшө калды.





– Ата-энем мени  бейтааныш адамдар менен сүйлөшпөгүн дешкен, – деди Акинай.

– Каалайсыңбы, мен сага башка көчөнү көрсөтөм да,  ал тургай, үйүңө чейин жеткирип  коём? – деп тиги адам кыздын айткан сөзүнө көңүл бурбастан сунуш кылды.

Акинай шектенип карап калды. Балким, бейтааныш бул киши чын эле жардам бергиси келип жаткандыр... Бирок ал дагы бир нерсени эстеди: атасы менен апасы эч качан, эч бир бейтааныш адам менен эч кайда барууга болбойт, – деп айтпады беле.

– Эмне турасың, кеттикпи? – деди тиги киши шаштырып,  Акинайдын колунан тартып.

– Жок!  Коё бериңиз! – деп кыз кыйкырып жиберди. – Мага тийбеңиз!



Аларды бир канча жумушчулар карап калышты. Эркек киши ошол замат Акинайдын колун коё берди. Кыз коркуп кетти да, буту бутуна тийбей, артка  аялдаманы көздөй чуркап жөнөдү. Аялдамага жеткенде да тынчтана албай, энтиккени токтободу. Акинай айланасын карады – баягы бейтааныш киши жакын жерден көрүнбөдү.

Кыз тааныш балдарды көрүп калды. Алар ага  кошуна үйдө жашаган балдар болчу. Эми ал үйүнө кантип барууну түшүндү: азыр эле тиги балдар келген үйлөрдүн ортосундагы жол менен барса болот экен.



Акинай үйүнө шашып жөнөдү. Ал өзүнүн короосуна жетти да, өзү жашаган кабатка чуркап чыгып, каалганы катуу каккылап кирди.

Апасы  эшикти ачып:

– Кызым, эмне болду? Сен кайда адашып жүрдүң? Мен сенин көпкө жок болгонуңдан улам, тынчсыздана баштабадым беле? Кир бачым – деди.

– Апаке, анын баарын сага бир аздан кийин айтып берем, – деди Акинай апасын бек  кучактап.



Тамак ичип отуруп Акинай апасына  болуп өткөн окуянын баарын айтып берди.

– Ал эркек киши менен бирге кетпей туура кылгансың, – деп мактады апасы. – Сен абдан туура кылгансың: «жок» деп катуу жана элге угуза айтып, аялдамага  кайра барганың туура болгон. Дайым эсиңде болсун, кызым, мен жана атаң менен макулдашкан улуу адамдар менен гана бирге барууга болот жана бул тууралуу сага дайым эскертебиз …

Алар дагы да ар кандай окуялар тууралуу, бейтааныш адамдар канчалык сылык кайрылса дагы, аларга кандай мамиле кылуу керектиги жөнүндө көпкө сүйлөшүштү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Елена Молчанова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли